КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУ

ПЕНСИЯ

ISSN 1694-6979

Апрель №1 2014 - жыл

ЖЫЛ ЖЫЙЫНТЫКТАЛЫП, АЛДЫГА МИЛДЕТТЕР КОЮЛДУ

БАЗАР ПРОФСОЮЗ УЮМДАРЫ МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУДАБЫЗ

ПЕНСИОННАЯ СИСТЕМА В ЭСТОНИИ

19-26-беттер атайын Сиздин китеп текчеңиз үчүн

Социалдык
камсыздандыруу
төгүмдөрүн
төлөө-келечек
кепилдиги!

ПЕНСИЯЛЫК КАМСЫЗДОО - СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖУРНАЛЫ

ПЕНСИЯ

Апрель №1 2014 - жыл

Журнал ээси:
Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду

Башкы редактор
Данияр Шабд анов

Редакциялык кеңеш:
Уланбек Асанов - редкеңештин төрагасы
Мүчөлөрү:
Кылычбек Нусупбеков
Жыпара Чаначева
Жыпара Дүйшөмбиева
Нуржан Урустамова
Жеңишбек Мукамбетов
Рахатбек Пирматов
Гульнура Джуматаева
Майрамгүл Капарова
Базарбай Эрматов

Журнал Кыргыз Республикасынын
Юстиция министрлигинде катталган.
Каттоо күбөлүгү №1791.

Журналга келген кол жазмалар
кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Жарыяланган автордук материалдар
редакциянын толук көз
карашын билдирбейт
жана аларды редакциянын уруксатысыз
пайдаланууга жол берилбейт.

Журнал «Континент Принт»
басма-компьютердик
борборунда даярдалып,
«Континент Принт»
басма-үйүндө басылды
Нускасы - 5000

Журнал редакциялык жана почталык
жазылуу аркылуу таркатылат.
Үч айда бир жолу чыгат.

Таркалуучу аймак:
Кыргызстан жана андан сырткары.

Редакциянын дареги:
Бишкек шаары, Горький көчөсү 1, 3-кабат

Индекси: 720005

Телефону:(+996 312) 53-17-64
Факс:(+996 312) 53-02-76
Электрондук почтасы: e.omorova@sf.kg
Буйрутма № 476

МАЗМУНУ

4 Жыл жыйынтыкталып, алдыга милдеттер коюлду

7 Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2013-жылдагы жетишкен ийгиликтери

11 Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун адистери жооп берет

13 Төлөм жаңылыш дайындалганда эмне кылуу керек?

14 Базар профсоюз уюмдары менен биргелешип иш алып баруудабыз

16 Эмгеги элге сиңген Анаркүл эже!

18 Япон керемети

19 БААРДЫГЫ ПЕНСИЯ ЖӨНҮНДӨ

27 Установленные размеры минимальной заработной платы

28 Накопительный компонент

31 Сообщение для плательщиков

35 Пенсионная система в Эстонии

37 Лучшие страны для жизни пенсионеров в 2013 году

39 Каменный век на территории Кыргызстана

40 Королевский парк

42 Весенние советы красоты

ЖЫЛ ЖЫЙЫНТЫКТАЛЫП, АЛДЫГА МИЛДЕТТЕР КОЮЛДУ

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду 2013-жылдагы ишинин жыйынтыктары жана 2014-жылда аткарыла турган иштердин айкын максаттары, алдыга коюлган негизги милдеттери тууралуу жыл жыйынтыгы боюнча кезектеги кеңейтилген Башкармалыктын жыйынын Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри К. Талиеванын катышуусунда өткөрдү. Ага Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жетекчилери, борбордук аппарттын жооптуу кызматкерлери, баардык район-шаар башкармалыктарынын башчылары катышып, өткөн жылда аткарган иштери тууралуу отчетторун беришти. Башкармалыктын кезектеги жыйынын Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы М.Абулгазиев ачып, мына буларга токтолду.

-2014-жылда биздин алдыга койгон биринчи максатыбыз айрым укуктук-ченемдик актыларга, мыйзамдарга алымча кошумчаларды, өзгөртүүлөрдү киргизип, пенсиялык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча калайык- калкка, жер-жерлерде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.Экинчиден Социалдык фонддун финансылык туруктуулугун арттыруу. Ал үчүн мүмкүн болушунча мекеме-уюмдар , чарба жүргүзгөн субьектер төлөбөй жүргөн карыздарды өндүрүү, азайтуу болуп саналат. Азыр айдын башында 600 миллион сом каражат гана калып жатат. Пенсияны өз убагында төлөп берүүдө ар бир айдын башында 1,5 миллиард сом каражат топтоого жетишип, ал каражат Социалдык фонддун эсебинде турушу керек. Республикалык бюджеттен 1 миллиард 233 млн. сом келет. Ошондо биз ай сайын пенсияны төлөп берүүгө жетишебиз жана чоң шарт түзүлөт. Ал үчүн биринчиден базаны көбөйтүү, экинчиден камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөбөй жүргөндөрдү төлөтүү, үчүнчүдөн эски карыздарды өндүрүү боюнча иштерди натыйжалуу жүргүзүү зарыл. Ушул үч чоң маселени чара көрүп аткарууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Жогорку Кеңештин депутаттары жардам берүүгө макул болушуп, колдоп турушат. Дагы бир орчундуу маселе-быйыл дагы 1-октябрдан баштап пенсиянын өлчөмүн көбөйтүү алдыда чоң милдет катары турат. Мында сөзсүз эки-үч миң өлчөмүндө пенсия алган биринчи, экинчи группадагы майыптарга жардам берүү каралууда. Алар пенсияны жашоо минимунан кем албашы керек. Ата-энеси жок, бир үйдө жетим калган 5-6 балдардын жана багар көрөрүнөн ажырагандыгы боюнча пенсиясына дагы 50 пайыздан жогору 80 пайызга чейин кошуу жагына көңүл бөлүнүп, мыйзам чегинде каралмакчы. Мында Социалдык фонд социалдык камсыздандыруунун тилектештик системасын иштетүүнүн үстүндө иш алып бармакчы.

1-октябрда пенсияны көбөйтүүгө 358 миллион сомду бюджетибизде карадык. Эгерде, быйыл тогуз айдын жыйынтыгы менен жогорудагы айтылгандардын бардыгын кынтыксыз, эки-үч эсе көп аткарсак, анда мындан дагы белгиленгенден жогору пенсияны көбөйтсөк деген жакшы тилектер бар. Учурда мигранттардын келечектеги пенсиясын камсыз кылуу чоң маселе болгондуктан, пенсиялык системаны эң жакшы билген адистерибиз Россияга барып иш жүргүзмөкчү. Камсыздандыруу төгүмдөрүн биздин өлкөгө чегерүү боюнча өкмөттөр ортосундагы келишимдерге кол коюга жетишсек, анда Россиядагы мигранттарды пенсия менен камсыз кылуу маселеси чечилип, эң жакшы болмок. Азыркы мезгилде биздин мигрант болуп жүргөн жарандарыбыз Кореяда, Түркияда, коңшу Казакстан-

да да көп. Мигранттар боюнча маселелер жаңы Концепцияга киргизилген. Ошондуктан мигранттар боюнча бардык маселелер дагы чечилмекчи. Жалпысынан алганда жаңы иштелип чыккан Концепцияны жана айрым мыйзам актыларды кабыл алуу, аны элге жакшылап түшүндүрүү иштери жана алдыга койгон ой-максаттарыбызды жылдын аягына чейин ар бир квартал сайын акырындап жүзөгө ашыруу милдеттери алдыбызда турат.

Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри К. Талиева Башкармалыктын жыйынында сүйлөгөн сөзүндө коррупция, миграция, бюджет жана пенсия системасындагы маанилүү маселелерге кайрылып, шаар-район башкармалыктардын жетекчилери өздөрүнө жүктөлгөн функционалдык милдеттерине жоопкерсиздик мамилесинен жана алар тараптан көзөмөлдүн начардыгынан улам камсыздандыруу взносторун чогултууда жана эски карыздарды өндүрүүдө, ошондой эле план тапшырмаларды аткарууда жетиштүү деңгээлде иш жүргүзүлбөй, чоң кемчиликтерди кетирип жаткандыгын баса көрсөттү.

-2013-жылдын башында республика боюнча 565 миң пенсионер болсо, жылдын аягында 581 миңге жетип, бул цифра 16 миңге өскөн. Социалдык фонддун топтоо фондунда жетишээрлик өлчөмдө камсыздандыруу төгүмдөрүнөн чогулган каражат сөзсүз турушу керек. Өткөн жылы 10-13 миллиард сом республикалык бюджеттен бөлүнсө, 2014-жылга 14 миллиард сом өлчөмүндө каражат каралды. 2012-жылы жалпы чыгымыбыз 32 миллиард, 2013-жылы 34 миллиард сом болсо, 2014-жылга 37 миллиард сом каражат сарпталмакчы. Башкача айтканда быйылкы жылдын жалпы чыгымына дагы 3 миллиард 339 миллион сом кошумча каражат керек болуп жатат. Ошондуктан, камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу планын көбөйтүп бул багытта ишти абдан күчөтүү мезгилдин талабы. Быйылкы жылда социалдык тармактагы иштер дагы оор болот. 2009-жылы пенсионерлердин 20 пайызы гана жашоо минимуна жеткен болсо, 2013-жылы төрт жылдын ичинде 48 пайызга өскөн. Бул чындыгында чоң эмгек. Азыркы мезгилде пенсионерлердин 52 пайызы жашоо минимунан төмөн алууда. Мурда жылына эки жолу пенсияны көбөйтсөк, азыр эки жолу көбөйтө албай жатабыз. Учурда пенсия системасындагы чечиле турган проблеманын бири катары айтсам, жылына эки жолу пенсиянын өлчөмүн көбөйтүүгө жетишибиз керек. Пенсияны көбөйтүп, пенсионерлерди жыргаттык деген сөздөн алысмын. Эң башкы проблема-биринчи кезекте пенсиянын өлчөмүн жашоо тиричилигине жеткидей кылып көтөрүшүбүз абзел. Ал үчүн ар бирибиз өз салымыбызды кошуп, жогоруда айтылган проблемаларды чечип, тыным албай натыйжалуу иштегенде гана пенсионерлердин муктаждыгын толук камсыз кыла алабыз. Эгерде, Жети-Өзүз районунда стабилдүүлүк болгон жок деген сыяктуу куру шылтоолор боло берсе, быйыл дагы алдыга коюлган план тапшырмалар аткарылбай, эски карыздар көбөйүп, жылдан-жылга өтүп, өсө берет. Недоимка, камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу боюнча пландын өтөөсүнө ар бир шаар-район ай сайын чыгышы милдеттүү. Бул жерде дагы маанилүү маселе көмүскө экономикада иш жүргүзүп, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөбөй жүргөн ишканаларды, чарба жүргүзгөн субъектилерди бирин калтырбай каттого алып, ар бириңер өзүңөрдүн чөнтөгүңөрдү ойлобостон, мамлекеттин казынасы үчүн ак ниет, таза иштеп бергиле деп айтам. Азыр пенсия системасында реформа өтө жай, солгун жүрүүдө. Социалдык фонд пенсиялык системаны туруктуу сактап калган бирден-бир мамлекеттик орган болгондуктан, элдин, пенсионерлердин катышуусунда коррупция менен биргелешип күрөшүү бардыгыбыздын башкы милдетибиз. Көмүскө экономиканы жандап, коррупцияга ара-

лашып жаткан айрым фактыларды, схемаларды билем.

Биздин өлкөдө пенсионерлердин саны 10 пайыздан жогору көтөрүлүүдө. Ошого жараша акча каражаттарыбыздын көлөмүн көбөйтпөсөк, анда быйылкы жыл абдан оор болушу мүмкүн. Андыктан камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу, эски карыздарды өндүрүү боюнча план тапшырмаларды өз убагында аткаргыла. Россиядагы мигранттар менен ишти тездетпесеңер абдан кечигип жатат. Бүгүн мигранттар менен пенсиялык саясат боюнча ишти убагында жүргүзбөсөк, эртең алар мекенине кайтып келгенде пенсия ала албай мамлекеттин алдына көптөгөн проблемаларды жаратат. “Эмне үчүн мурда бизге айткан жок элеңиздер, мага пенсия бергиле” деп талап коюп, доо артып келишет. Азыртадан пенсиялык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча түшүндүрүү иштерин кеңири масштабда, жер-жерлерде, тийиштүү деңгээлде жүргүзүлсө, эл туура түшүнүп, эмитен келечектеги пенсиясына кам көрөт деген ойдобуз. Мындай коллегияга келгенде өнүккөн өлкөлөрдүн пенсиялык системасындагы алдыңкы иш тажрыйбалары боюнча сунуштарды көбүрөөк ала келсеңер, региондордон келгендерге окуу куралы катары таркатылып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө оң натыйжасын бермек. Азыркы туруктуу, калыптанып калган пенсиялык системаны түбөлүккө сактап калуу бардыгыбыздын башкы милдетибиз болгондуктан, мамлекеттик пенсиялык саясатын элге маданияттуу жеткирип, аны туура жүргүзүп, 2014-жылда эң жакшы көрсөткүчтөрдү камсыз кылып, пенсиянын өлчөмүн 30-40 пайызга, анда ары да жогорку деңгээлге көтөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп, өзүңөрдүн салымыңарды кошкула демекчимин,-дейт вице-премьер-минстр сөзүн жыйынтыктап.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармалыгынын жыл жыйынтыгы боюнча кеңейтилген жыйынында район-шаар башкармалыктарынын маалыматы боюнча мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу системасында бир катар жакшы иштер аткарылгандыгын, ошону менен катары айрым район-шаар башкармалыктардын иштеринде кемчиликтер орун алгандыгы баса белгиленип, жыйында козгогон маселелердин жана башкармалыктын мүчөлөрүнүн сунуштарынын негизинде айрым башкармалыктардын жетекчилерине сөгүш жарыялоо, эскетүү берүү жана бир топ башкармалыктардын башчыларына иштеги кемчиликтерди оңдоону белгилөө боюнча тартип жаза чарасын көрүү жөнүндө Башкармалыктын токтому кабыл алынды.

Ошондой эле 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча эмгектик көрсөткүчтөрү, жакшы иштери айтылып, баса белгиленип, алдыңкы орунду ээлеген башкармалыктарга сыйлыктар тапшырылды. Тактап айтканда, биринчи орунду ээлеген Социалдык фонддун Жалал-Абад шаардык башкармалыгы баш байгени 80 миң сом акчалай сыйлык менен Социалдык фонддун Өтмө Кызыл Туусун алды. Ошону менен катар биринчи топ боюнча биринчи орунду ээлеген Ош шаардык башкармалыгына 40 миң, экинчи орунду ээлеген Бишкек шаарынын Октябрь райондук башкармалыгына 30 миң,үчүнчү орунду ээлеген Биринчи май райондук башкармалыгына 20 миң сом, ал эми экинчи топ боюнча биринчи орунду ээлеген Ак-Талаа районуна 40 миң, экинчи орунду ээлеген Манас райондук башкармалыгына 30 миң, үчүнчү орунду ээлеген Чоң-Алай районуна 20 миң сом, ошондой эле үчүнчү топ боюнча биринчи орунду ээлеген Майлы-Суу районуна 40 миң, экинчи орунду ээлеген Аламүдүн районуна 30 миң, үчүнчү орунду ээлеген Балыкчы шаарына 20 миң сом өлчөмүндөгү акчалай сыйлыктар берилди. Мындай ийгиликтер албетте, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун үзүрлүү иштегенинин натыйжасында жаралгандыгын белгилей кетмекчимин.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУНУН 2013-ЖЫЛДАГЫ ЖЕТИШКЕН

Пенсионерлердин жашоо деңгээлин жогорулатуу максатында 2013-жылдын 12-апрелиндеги № 189 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш программасын жүзөгө ашыруу боюнча 2013-жылдагы иш-чаралардын планын бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген иш-чаралардын планынын “Социалдык камсыздандыруу” бөлүмүнүн “Пенсияларды жогорулатуу” 91-пунктун аткаруу үчүн төмөндөгүдөй ченемдик укуктук актылар иштелип чыкты.

«2013-жылдын 1-октябрынан баштап пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүн жогорулатуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, анда 2013-жылдын 1-октябрына чейин “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык дайындалган пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрү 400 сомго жогорулатуу каралган.

Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөКыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун жактыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунда “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана “Эмгек акыга түзөтүү коэффициенттери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына пенсияларды эсептөө үчүн 8000 сом эмгек акынын жаңы чек деңгээлин белгилөө бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун жактыруу каралган.

Кайра эсептөөнүн жыйынтыгы боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 1-октябрына карата 4478 сомду түздү, башкача айтканда пенсиянын көлөмү 2009-жылга салыштырмалуу 2,1 эсе көбөйгөндүгүн билдирет. Пенсиянын орточо өлчөмүнүн пенсионердин жашоо минимумуна болгон катышы 45,7 %дан 108 %га өстү. Мында пенсионердин жашоо минимумунан аз пенсия алуучулардын санын кыскарды. Эгерде жашоо минимумуна жетпеген пенсия алуучулардын саны 2009-жылы 452,9 миң адамды түзсө (пенсионерлердин жалпы санынын 86,6 %ы), 2013-жылдын аягында алардын саны 275,0 миң адамды түздү (пенсионерлердин жалпы санынын 47,3 %ы).“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-августундагы № 157 Мыйзамынын 2-беренесин, “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесин жана Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министринин тапшырмасын аткаруу үчүн төмөнкүлөр иштелип чыкты жана бекитилди:

- “Камсыздандыруу полистерин сатып алуу аркылуу камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө тартиби жөнүндө” Жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-апрелиндеги № 193 токтому менен бекитилген);
- “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби боюнча Нускама (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген).

“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтомунун 2-пунктун аткаруу үчүн төмөнкү мыйзам долбоорлор даярдалды:

- “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун жактыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому;
- “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына

толуктоону киргизүү туралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору.

“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 1-октябрындагы №538 токтому менен бекитилди жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынды (2013-жылдын 5-декабрдагы №3654V токтому).

Мындан тышкары Социалдык фонд өлкөбүздүн учурдагы пенсиялык системасын реформалоонун үстүндө иш жүргүзүп келет. Башкы максат пенсиялык камсыздоонун деңгээлин жогорулатуу, ага ылайык камсыздоо принциптерин күчөтүү менен биргеликте социалдык камсыздоо төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн арасында эффективдүү жана адилеттүү иш алып баруу болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө Социалдык фонд пенсиялык системаны өнүктүрүү максатында жаңы Концепция долбоорун иштеп чыгып, КыргызРеспубликасынын Өкмөтүнүн кароосуна жөнөттү.

Аталган Концепциянын алкагында Социалдык фонд Өкмөттүн аппараты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана башка мамлекеттик, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда 3 тегерек стол уюштурду. Өткөрүлгөн тегерек столдогу талкуу учурунда катышуучулардан адекваттуу сын-пикирлер айтылып, жыйынтыгында базарда иштеген ишкерлер тарабынан объективдүү сунуштар берилди.

Андан сырткары “2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын пенсиялык камсыздоо системасын өнүктүрүү концепциясы жөнүндө” маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министринде өткөн кеңешменин протоколунун 2-пунктун аткаруу үчүн “Айылдык товар өндүрүүчүлөрдү жана жеке ишмердик жүргүзгөн жеке жактарды мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун пенсиялык системасын реформалоо, аскер кызматчыларын пенсия менен камсыз кылуу маселелерин изилдөө боюнча ведомстволор аралык комиссия түзүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругунун долбоору иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору менен белгиленген тартипте макулдашылды жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратына 2013-жылдын. 17-.сентябрында № 2-3/3521 бекитүүгө жиберилди.

Узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү аралыктагы мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандырууну өнүктүрүү Концепциясынын долбоорун карап чыгуу боюнча жыйын 2013-жылдын 24-июлунда өткөрүлдү. Бул жыйындын жыйынтыгында Премьер-министрдин буйругунун долбоорун макулдашуу боюнча иштер аткарылды. Каралып жаткан буйруктун долбоору 2 буйрукка бөлүндү:

аскер кызматчыларын пенсия менен камсыз кылуу маселелерин изилдөө боюнча ведомстволор аралык комиссияны түзүү тууралуу (2013-жылдын 3-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин № 549 буйругу);

пенсиялык тутумдун айылдык товар өндүрүүчүлөрдү жана жеке ишмердик жүргүзгөн жеке адамдарды мамлекеттик социалдык камсыздандыруу бөлүгүн реформалоого карата сунуштарды иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык комиссияны түзүү тууралуу (2013-жылдын 27-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин № 535 буйругу).

Ошондой эле Социалдык фонд айыл-чарба өндүрүүчүлөр жана жеке ишкердик кылган жарандардын, пенсиянын тарифтик саясатына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү боюнча реформасына болгон көз караштарын билүү максатында социологиялык сурамжылоо жүргүздү. Өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгына таянсак, суралгандардын көпчүлүгү социалдык камсыздоо төгүмдөрүн чегерүүгө 73 % макулдугун билдиришти. Ал эми калган пайыздары каршылыгын билдирсе, бир тобу ойлонуп көрөөрүн айтышты. Андан тышкары өлкөбүздүн ар кайсы региондорунда тарифтик саясат боюнча түшүндүрүү иш-чаралары өткөрүлдү. Жер-жерлерде өткөрүлгөн жолугушууларда пенсиялык системага киргизиле турган өзгөртүүлөрдү көпчүлүк эл колдоору билинди. Бирок элдин башкы талабы тарифтик баанын жогорулоосу дароо эмес, этап-этабы менен жүргүзүлүүсүн баса белгилеп өтүштү.

Жакында эмгек мигранттарынын социалдык камсыздоо төгүмдөрүн чегерүү боюнча жаңы, реалдуу механизмдерин иштеп чыгып, эл астына алып чыгуу зарылчылыгы жаралат. Анткени сырт жакта иштеп жүргөн биздин мекендештер Соцфондго камсыздоо төгүмдөрүн чегерүүдөн качышат же төлөгүлөрү келишпейт. Мындай көрүнүш жарандардын келечекте пенсия алуусуна терс таасирин бербейт деп эч ким кепилдик бере албайт. Башка өлкөлөр сыяктуу Кыргызстанда да келечекте эмгек мигранттарынын (орусияда иштеген кыргыз жаранынын) пенсияга чыгуу укугу жана анын өлчөмү камсыздоо төгүмдөрүн чегерген суммасына көз каранды. Андыктан камсыздоо төгүмдөрүн чегерүү боюнча алдын ала эмгек мигранттары кызыкдар болуусу зарыл.

Жогоруда айтылып өткөн проблемага карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-апрелдеги № 222 токтому менен Россия Федерациясынын аймагында иштеген Кыргыз Республикасынын жарандарын, эмгек мигранттарын социалдык жана пенсиялык камсыз кылуу программасы, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча иш чаралар планы кабыл алынды.

Иш чаралар планынын 10-пунктун аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

менен Россия Федерациясынын Өкмөтү ортосунда пенсия менен камсыз кылуу жаатында жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө Макулдашуунун долбоору иштелип чыкты, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 19-апрелиндеги № 143 токтому менен жактырылды.

Аталган Макулдашуунун долбоору россиялык тарапка бул ченемдерди талкуулоо үчүн дипломатиялык каналдар аркылуу 2013-жылдын майында жана сентябрь айнарында кайтадан жиберилди.

Россия Федерациясынын Эмгек жана социалдык камсыз кылуу министрлиги менен болгон сүйлөшүүлөрдө бул маселе россиялык тараптан каралып жаткандыгы тууралуу билдирилген. Ошону менен бирге россиялык тарап Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосунда социалдык камсыздандыруу жаатында кызматташтык жөнүндө келишимдин долбоорун иштеп чыгуу тууралуу сунушу менен чыкты.

Келишимдин долбоору менен келишип жаткан тараптардын жарандарынын пенсияларын туруктуу жашаган жерине "теңдештик" принциби боюнча которуу каралууда. "Теңдештик" принциби келишип жаткан тараптардын жарандарынын мамлекеттин аймагында иштеп тапкан эмгек (камсыздандыруу) стажы мезгилиндеги пенсиялык укуктарын аныктоо үчүн ар бир мамлекет өзүнүн аймагында иштеп тапкан стажына жана өз мыйзамдарына ылайык пенсия чектээрин жана төлөөрүн боолголойт.

2013-жылдын 10-декабрында дипломатиялык каналдар боюнча россиялык тараптын сунуштарын камтыган Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосунда социалдык камсыздандыруу жаатында кызматташтык жөнүндө келишимдин долбоору боюнча жооп алынды

Бул маселе Бишкек шаарында 2013-жылдын 16-17-декабрында өткөн соода-экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык кызматташтык боюнча кыргыз-россия өкмөттөр аралык комиссиянын 16-отурумунун долбооруна киргизилди. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан келишимдин долбоорунун пункттарын андан ары иштеп чыгуу багытында иштер жүргүзүлүүдө.

Россия Федерациясынын аймагында иштеп жаткан Кыргызстандын жарандарын, эмгек мигранттарын пенсия менен камсыз кылуу программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын 9-пунктун аткаруу үчүн мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жаатында Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен Россия Федерациясынын Пенсиялык фондунун ортосунда макулдашуунун долбоору жана «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жаатында Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен Россия Федерациясынын Пенсиялык фондунун ортосунда макулдашуу тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругунун долбоору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун башкармасынын токтомунун долбоору иштелип чыкты.

Министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу баскычында Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан аталган Макулдашуунун долбоору боюнча сын пикирлер жана аны өкмөттөр аралык деңгээлде түзүү тууралуу сунуштар берилген. Бирок, ушу тапта ошол ченемдерди талкуулоо үчүн дипломатиялык каналдар боюнча россия тарапка берилген өкмөттөр аралык макулдашуунун долбоору бар. Ушуга байланыштуу Социалдык фонд тарабынан иш-чаралардын планынын аталган пунктун аткаруу мөөнөтүн өзгөртүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратына кат жиберилген

Ошондой эле жогоруда аталган программаны ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 10-январындагы № 1 буйругу менен түзүлгөн Россия Федерациясынын аймагында убактылуу жумушка орношкон Кыргыз Республикасынын жарандарын, эмгек мигранттарын пенсия менен камсыз кылуу маселеси боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун 4-отурумунун протоколунун 3-пунктуна ылайык 2013-жылдын 2-октябрындагы № 550 «Россия Федерациясынын аймагындагы Кыргызстандын жарандарын, эмгек мигранттарын мыйзамдуу ишке орноштуруу, социалдык жана пенсиялык камсыздоо максатында "бирдиктүү терезе" тутумундагы мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому кабыл алынган.

Аталган токтом менен Россия Федерациясынын аймагында жумушка орношууну каалаган Кыргызстандын жарандарына көмөктөшүү боюнча "Бирдиктүү терезе" тутумунун механизмдери жөнгө салынат.

Камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо

Алдын ала маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-декабрь айында

Социалдык фонд 20453,9 млн. сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйнады, бул 2012-жылга салыштырмалуу 1660,6 млн. сомго көп, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноонун өсүшү 108,8 %ды түздү. 2013-жылдын 12 айынын ичинде МПТФга 1021,2 млн. сом камсыздандыруу төгүмдөрү топтолду.

Пенсияларды каржылоо жана төлөп берүү

Өткөн жылдын январь-декабрь айларында пенсия жана башка социалдык төлөмдөргө керектелген сумманын бардыгы 29425,8 млн. сом өлчөмүндө толук көлөмдө кошумча каржыланды. 2014-жылдын 1-январына карата пенсия төлөө боюнча карыздар жок.

Аскер кызматчыларынын пенсиялык төлөмдөрүнө республикалык бюджеттен милдеттүү түрдө бөлүнүүчү каражаттар, жеңилдетилген пенсиялар, пенсияларга үстөк акылар жана электр энергиясы үчүн компенсациялык төлөмдөр 13 049,3 млн. сом суммасында толук көлөмдө түштү.

2013-жылдын 1-декабрына карата пенсия алуучулардын саны республика боюнча 579291 адамды түзөт, алардын ичинен “Кыргызпочтасы” Мамлекеттик ишканасынын филиалдары аркылуу 405835 адам же жалпы санынын 70,1 %ы банк аркылуу, 173456 адам же 29,9 %ы пенсия алышат.

2013-жылдын январь-декабрь айында Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду 1 390,0 млн. сом суммасында, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду 174,4 млн. сом суммасында кошумча каржыланды.

Каражаттарды инвестициялоо боюнча иштер

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө мыйзамына ылайык, Социалдык фонд Пенсиялык фонддун убактылуу бош акча каражаттарын банктарда мөөнөттүү депозиттерге жайгаштырууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган мамлекеттик жана башка баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүүгө укуктуу.

2013-жылдын 12-айынын ичинде Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун (МПТФ) эсебинде 983,5 млн. сом жыйналды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы тарабынан өткөрүлгөн депозиттик аукциондордун жыйынтыктары менен Социалдык фонд кирешелүүлүгү 13,4 %дан 15,58 %га чейинки 2 жылдык жүгүртүү мөөнөтү менен 979,5 млн. сом суммасындагы пенсиялык топтоо каражаттарын мамлекеттик казына облигацияларына жайгаштырды, ошондой эле кирешелүүлүгү 9 %дан 9,51 %га чейинки 1 жылдык жүгүртүү мөөнөтү менен 170,3 млн. сом суммасындагы каражаты мамлекеттик казына вексельдерине жана жылына 12,0 % менен 1 жылдык жүгүртүү мөөнөттө 110,0 млн. сом суммасындагы каражатты Бишкек шаарынын муниципалдык облигацияларына жайгаштырды.

Социалдык фонд тарабынан өткөн жылдын ичинде өткөрүлгөн депозиттик аукциондордун жыйынтыгында пенсиялык топтоо каражаттарынын эсебинен 1 368,9 млн. сом, 12 -15,2% кирешелик менен 1 жылдык депозиттик салым катары коммерциялык банктарда жайгаштырылды. Көрсөтүлгөн убакытка чейин инвестицияланган МПТФ каражаттарынан 2013- жылдын ичинде, алдын ала санаганда 534,8 млн. сом киреше чогултулган, анын ичинен мамлекеттик баалуу кагаздардан – 394,4 млн. сом, депозиттик салымдардын пайыздык киршелеринен – 105,0 млн. сом жана МПТФ каражаттарын күнүмдүк калдыктарына саналуучу пайыздык кирешеден -35,4 млн. сом топтолгон.

Буга чейин МПТФ каражаттарынын жайгаштыруу мөөнөтү аяктаганына байланыштуу 2 210,4 млн. сом өлчөмүндө негизги суммалар толугу менен кайтарылып берилди, анын 1 425,4 млн. сому МБКга жана 785,0 млн. сому депозиттик салымдарга тийиштүү.

2013-жылдын 1-январынан баштап Социалдык фонд тарабынан пенсиянын топтоо бөлүгүн (пенсиялык топтоо каражаттарын) төлөп берүүгө арыздар кабыл алына баштады. Өткөн жылдын январь-декабрь айларында бул төлөмдөргө МПТФ каражаттарынан 156,2 млн. сом кошумча каржыланып жана алуучулардын саны 32 283 адам түздү.

Каралган учурга чейин инвестицияланган убактылуу бош пенсиялык каражаттардын эсебинен жалпы эсеп менен 37,0 млн.сом киреше топтолгон.

Социалдык фонд ээлик кылган акциялардан 86,1 млн. сом өлчөмүндө дивиденд кирешеленген. Андан тышкары дивидендерди өз учурунда төлөбөгөн үчүн алынган проценттик киреше- 3,5 млн.сомду түздү.

Жекече эсепке алуу

Азыркы күндө жекече эсепке алуу системасында 4942,9 миң адам катталган (республиканын бардык калкынын 94,8 %). 2013-жылдын январь-декабрь айларында жекече эсепке алуу системасында 245,6 миң адам катталган. Азыркы учурда бир пенсионерге 2,2 иштеген адам туура келет.

Пенсия чектөө жана кайра эсептөө

Пенсия чектөө жана кайра эсептөө үчүн 116921 пенсиялык иш түшкөн, алардын ичинен жылдын башындагы калдыкты кошо эсептегенде жалпысынан 118668 пенсиялык иш чектелген. Ошондой эле 2013-жылдын 12 айынын ичинде Кыргыз Республикасына сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсияларды белгилөө боюнча Комиссиянын чечими менен 85 пенсионерге пенсия чектелди.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУНУН АДИСТЕРИ ЖООП БЕРЕТ

-Жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылган болсо, ал канча мөөнөттө каралып, жооп берилет?

А. Усупова,
Ош шаары

-2007 – жылдын 4-майындагы Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Мыйзамына 2013 – жылдын 15 – июлунда өзгөртүү жана толуктоолор киргизилген.Мыйзамдын 8 – беренеси боюнча жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылуу мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же кайрылууда коюлган маселелерди чечүү компетенциясына киргени кызмат адамына келип түшкөн учурдан тартып бир күндүн ичинде милдеттүү түрдө катталууга тийиш.Мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же компетенцияларына ылайык кызмат адамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү электрондук кайрылуу катталган күндөн тартып 14 күндүн ичинде каралат.

Жарандын кайрылуусун чечүү үчүн атайын текшерүүлөрдү (экспертизаларды) жүргүзүү, кошумча материалдарды суратып алуу же болбосо башка чараларды көрүү зарыл болгон учурларда даттанууларды чечүү мөөнөттөрү демейдегиден башкача тартипте узартылышы мүмкүн, бирок 30 күндөн ашпайт. Бул жөнүндөгү чечим мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси, кызмат адамы же болбосо ага ыйгарым укук берилген адам тарабынан кабыл алынат жана арыз ээсине жазуу жүзүндө билдирилет.

-2000- жылы бийик тоолуу райондон Бишкек шаарына туруктуу жашоого көчүп келген учурда пенсиям райондук коэффициент менен эсептелинбей азайып калган, кайра эсептесе болобу?

С. Жуманов, Бишкек шаары

-2005 – жылдын 5 – мартындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамынын 23 – беренесине төмөнкүдөй толуктоо киргизилген. Пенсионер 2005 – жылдын 1- апрелинен райондук коэффициент белгиленген райондон райондук коэффициент белгиленбеген же райондук коэффициенти аз өлчөмдө белгиленген районго туруктуу жашоого көчүп келген учурда райондук коэффициент менен эсептелген орточо айлык акысы өзгөрүүсүз сакталып кала тургандыгы белгиленген жана бул толуктоо 2005 – жылдын 11 – мартынан күчүнө кирген. Ал эми 2005 – жылдын 1- апрелине чейин көчүп келген пенсионерлерге бул шарттар каралган эмес.

Ошол себептен 2000– жылы Бишкек шаарына туруктуу жашоого көчүп келген учурда орточо айлык акыларына райондук коэффициент колдонулбай кайра эсептөө туура жүргүзүлгөн.

-Мени менен чогуу иштеп, бирдей эле айлык акы алып жүргөн аял менден көбүрөөк пенсия алат.Пенсиям тууралуу билсем болобу?

М. Жолдошбаева,
Сокулук району

-Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө» Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Социалдык фонд камсыздандырылган адамдардын өздүк камсыздандыруу эсептеринде камтылган маалыматтарды сактаганда, өткөрүп бергенде жана пайдаланганда жашырындуулукту камсыз кылууга милдеттүү.

Жогоруда мыйзамда көрсөтүлгөндөй пенсионердин пенсиясы тууралуу маалымат пенсионер өзү кайрылган убакта гана берилет жана башка адамдарга берүүгө тыюу салынат.

-Мага МСЭК тарабынан 2- топтогу майыптык берилди, пенсияга кандай кайрылышым керек?

Ж.Беккулиев, Бишкек шаары

-Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамдын 15 – беренесине ылайык, майыптыгы боюнча пенсия майып болуу себептерине карабастан адам эмгекке жарактуулугун толук жоготкон жана майып деп табылган учурда белгиленет жана эмгекке жарактуулугу калыбына келгенге чейин же өмүрү өткөнчө белгиленет.Камсыздандырылган, майып деп табылган адамдар майып болгон мезгилге карата:

-23 жашка толо элек, камсыздандыруу стажы 1 жыл болсо;

-23 жаштан 26 жашка чейин, камсыздандыруу стажы 2 жыл болсо;

-26 жаштан 31 жашка чейин , камсыздандыруу стажы 3 жыл болсо;

-31 жаштан жогору, камсыздандыруу стажы 5 жыл болсо, майыптыгы боюнча пенсия алууга укуктуу.

Ал эми 16 - берене боюнча эмгекке жарактуулугун жоготкондугунун даражасына жараша пенсия дайындоо үчүн майыптуулуктун үч тобу (1,2,3) белгиленет.

Майыптуулуктун себептери жана топтору, ошондой эле майып болуунун мезгили медициналык – социалдык эксперттик комиссиялар (МСЭК) тарабынан белгиленет.

Медициналык-социалдык эксперттик комиссиясы (МСЭК) тарабынан майыптыктын тобу белгиленсе, жашаган жери боюнча райондук Социалдык фондунун пенсия бөлүмүнө майыптык пенсия алуу үчүн төмөндөгү документтер менен кайрылуу керек:

-пенсия дайындоо үчүн арызды толтурууга паспорт;

-камсыздандыруу стаж жөнүндө документтер (эмгек китепчеси, диплом, аскердик билет, аялдар үчүн балдарынын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү (көчүрмөлөрү менен);

-01.01.1996 - жылга чейинки катары менен каалаган 60 айдын эмгек акы тууралуу маалыматтары (персонификациялык каттоо киргизилгенге чейинки пенсиянын камсыздандыруу бөлүгүн эсептөө үчүн) ;

-01.01.1996 - жылдан иш менен камсыз болуу жана эмгек акы жөнүндө билдирүү (жеке бет эсебинде топтолгон камсыздандыруу взносторунун суммалары менен пенсиянын экинчи камсыздандыруу бөлүгүн эсептөө үчүн);

-медициналык социалдык - эксперттик комиссия тарабынан майыптыктын тобу белгиленген аныктама.

-Республикалык бюджеттин каражаттарынан кимдерге пенсия төлөнөт?

А. Сагыналиева, Ысык – Көл району

-Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамында белгиленген шарттарда жана тартипте республикалык бюджеттен түшкөн ассигнациялоолор менен жеңилдик шартта пенсия чектелген көп балалуу, бала чагынан майып баласы бар энелердин, бийик тоолуу райондор жана алыскы, барууга кыйын аймактарда жашаган пенсионерлердин пенсиялары жалпы негиздеги пенсиялык куракка келгенге чейин төлөө жүргүзүлөт.Андан тышкары дагы республикалык бюджеттен электр энергиясына белгиленген компенсация, эмгектен алган мертинүү, ЧАЭСтин майыптарына жана катышуучуларына төлөнүүчү компенсациялар, Кыргыз Республикасына сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсия алган пенсионерлердин жана майыптык пенсияларга кошумча төлөмдөр, аскер кызматчыларынын жана күч структураларынын пенсия, жөлөкпулдары, эмгектин өзгөчө шарттарына байланыштуу учуу – сыноо курамы боюнча пенсия чектелгендердин пенсиялары төлөнөт.

Т. Сарыкбаева, Мамлекеттик органдар жана жарандар менен иш алып баруу секторунун башчысы

ТӨЛӨМ ЖАҢЫЛЫШ ДАЙЫНДАЛГАНДА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Төлөм жаңылыш дайындалганда камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчү катталган жери боюнча камсыздоочунун областтык органына төмөнкү документтерди берүүсү зарыл:

а) мындай төлөмдүн суммасын башка,туура багытка которуу жөнүндө өтүнүч каты;

б) төлөм тапшырмасынын көчүрмөсү.

Камсыздоочунун регионалдык органы жаңылыш чегерилген сумма жөнүндө маалыматты ырастайт жана документтерди камсыздоочунун борбордук аппаратына өткөрүп берет.

Жаңылыш төлөмдүн суммасы биринчи кезекте төлөөчүнүн карызын жоюуга жумшалат. Эгерде жаңылыш көрсөтүлүп дайындалган төлөмдүн суммасы бул багыттагы карыздардын суммасынан ашпаса - мындай төлөмдүн суммасы башка багытка которулбайт.

Жаңылыш көрсөтүлгөн дайындоо боюнча төлөөчүнүн ошол учурдагы ашыкча төлөөлөрү болсо, жаңылыш төлөмдүн суммасы башка дайындоого багытталат, ал эки сумманын эң төмөнкүсү катары аныкталат:

- жаңылыш көрсөтүлгөн дайындоо боюнча төлөмдүн суммасы;
- учурдагы мезгилде жаңылыш көрсөтүлгөн дайындоо боюнча ашыкча төлөөлөрдүн суммасы.

Башка уюм үчүн дайындалган камсыздоочунун эсебине жаңылыш түшкөн төлөмдөрдү оңдоо үчүн төлөөчү камсыздоочунун областтык органына төмөнкү документтерди берүүсү зарыл:

- мындай төлөмдүн суммасын кайтаруу өтүнүч каты;
- камсыздоочунун алдында камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздары жок экендиги жөнүндө камсыздоочунун регионалдык органынан маалым каты;
- отчеттук мезгил үчүн салыштырма актысы.

Жаңылыш төлөмдө камсыздоочунун төлөмдөрүнө тиешеси жок дайындоо көрсөтүлсө, жаңылыш төлөмдүн бардык суммасы, банктын кызматын кошпогондо, кайтарылууга жатат.Камсыздоочунун регионалдык органы берген жана ырастаган документтердин негизинде камсыздоочунун борбордук аппараты тарабынан камсыздоочунун тиешелүү эсептешүү эсебине жаңылыш суммаларды которуу үчүн банкка төлөм тапшырмасы даярдалат. Жаңылыш чегерилген төлөмдөр дайындоону оңдоо жөнүндө маалымдоого киргизилет. Анын бир нускасы камсыздоочунун областтык органына отчеттордо чагылдыруу үчүн берилет, экинчи нускасы камсыздоочунун борбордук аппаратында калат.

БАЗАР ПРОФСОЮЗ УЮМДАРЫ МЕНЕН БИРГЕЛЕШИП ИШ АЛЫП БАРУУДАБЫЗ

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Свердлов райондук башкармалыгынын башчысынын орун басарыАманбаев Афтандил Алимжанович менен жетишкен ийгиликтер көйгөйлүү маселелер жөнүндө-маек курдук.

-Афтандил мырза, сөздү туулуп өскөн жериңиз, эмгек жолуңуздан баштасаңыз?

-"Туулган жердин топурагы алтын"- демекчи, мен Кыргызстандын эң кооз жерлеринин бири болгон тоолуу Алай районунун Таш-Короо айылында туулгам. Алгачкы эмгек жолумду 1994-жылы "Мады" акционердик коомунда кампа башчысы болуп баштагам. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун системасында 2002-жылдын декабрынан баштап иштеп келе жатам.

-Свердлов райондук башкармалыгынын 2013-жылда аткарган иштери жөнүндө кыска маалымат берсеңиз...

-2013-жылдын 31-декабырына карата Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгында 16559 камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчү катталган. Анын ичинде:юридикалык жактар – 9398, бюджеттик уюмдар – 102, жеке жактар – 7059. Камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо –1423298,0 миң сомду, ал эми пайыздык катышта 98,2 % ды түздү. 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча 2012-жылга 137745,9 миң сомго көп камсыздандыруу төгүмдөрү түшүп, 110,7 % түздү.

2014-жылдын 15-январына карата камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча каржы айыптарынан тышкары карыздар 69142,4 миң сомду түздү. Ошого эле салыштырмалуу 2013- жылдын 15-январына карата каржы айыпарынан тышкары карыз 64487,2 миң сом болсо, 2014-жылдын 15-январына карата айырмасы 4655,2 миң сомду түздү.

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздар 173798,3 миң, анын ичинде каржы айыптар 40717,1 миң сом. Банкрот болгон мекемелердин саны 64, алардын карыздары 15550,1 миң сом болуп, анын ичинде каржы айыптары 3326,3 миң сом түздү. Дайыны жок мекемелер 3366,9 анын ичинен каржы айыптар 33,0 миң сом, анык чогултултула турган камсыздандыруу төгүмдөрү 101527,7 миң сомду түздү«Нортон» программасы боюнча: 5023 кайра эсептөөлөр жүргүзүлдү, социалдык коргоо күбөлүгүнө 23856 арыздар кабыл алынды. "Elled" программасына 57545 социалдык камсыздандыруу полистери, 45872 жылдык маалымат базага киргизилди. Жаңы төрөлгөн 5250 балага социалдык номер берилди. 1200 өлгөн кишинин статусу базадан өзгөрдү.

Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгынын кеңсесине "Айыл банктын" филиалы ачылып, натыйжада камчсыздандыруу полистерин сатып алуучулар, эски карыздарын төлөөчүлөр, Соцфондго төлөөгө келгендер башка банкка барып убара болбой, ушул жерден төлөп кетишүүдө.Ошондой эле пенсионерлер карточкасы менен ушул филиалдан пенсияларын алууга чоң шарт түзүлдү.

- 2014-жылга Свердлов району боюнча көп карызы бар мекемелер кайсылар жана аларды өндүрүү боюнча кандай иштер жүргүзүлүүдө?

- Карызы бар мекемелер менен иш алып баруу оор жана узак мөөнөттүү. Быйылкы жылда «ККСК» ААКы, АОК Нарын СГЭМ, ЖАК "Средазспецэнергомонтаж, ЖАК "Трест азатстрой", ЖАК "Мама", ЖАК "Арт Клининг" компанияларынан карыздарды өндүрүү иштери жүргүзүлөт.

2013-жылдын 12 айында 904 текшерүү жүргүзүлдү, анын 539 - чарба субъекттери, 15-бюджеттик уюмдар, 350-жеке ишкердик жүргүзгөндөр боюнча, текшерүүнүн жыйынтыгында 12776,2 миң сомго камсыздандыруу төгүмдөрү, 6025,0 миң сомго туумдар, 12247,8 миң сомго айыптар кошумча чегерилди. Карыздарды толугу менен өндүрүү боюнча карыздарын жоюга 1221 талап коюу каты жөнөтүлүп, анын натыйжасында 33,7 миң сом өндүрүлсө, 219 төлөөчүүгө 353,0 миң сом суммасында административдик чара колдонулуп, 234 миң сом өндүрүлдү.

- Афтандил Алижанович, жеке жактар менен иш алып барууда ишке ашкан натыйжалуу аракеттер жөнүндө айтсаңыз?

АЙМАКТАН КАБАР

-Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгы жеке ишкерлер менен иш алып барууда мактанаарлык аракеттерди жасап жатабыз десем аша чаппайм. Анткени биз “Дордой” СБКнын профсоюздар комитеттери менен биргелешип Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-мартындагы № 118 токтомунун негизинде базарда иштеген жеке ишкерлер менен мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана камсыздандыруу төгүмдөрүн күчөтүү боюнча иш жүргүзүп келебиз. Райондун башкармалыгынын башчысы, орун басары, жеке жактар менен иш алып баруу бөлүмүнүн башчысы “Дордой” СБКнын жетекчилиги жана профсоюздары менен көптөгөн жолугушууларды өткөрдү. Анын жыйынтыгында көптөгөн жеке ишкерлерге кеңири маалымат берилип, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү өткөн жылга караганда көбөйдү. Ошондой эле иштер базарлардын профсоюз тарабы менен биргелешип “Аламедүн”, “Адилет”, “Айчүрөк”, “Ак Эмир”, “Чолпон”, “Чынар” базарларында жүрдү. Маалымат базасына 2013-жылдын 12 айында суммасы 29717,8 сомдук 70047 полис киргизилди. 2012-жылдын 12 айында суммасы 25431,1 сом 66394 полис сатылган. Бул 2012-жылга салыштырмалуу 2013-жылы 4286,7 сомго көбүрөөк чогултулган. Базарлар боюнча 2012-жылы суммасы 12682,9 сом, 40671 полис сатылган болсо, 2013-жылы суммасы 14390,0 сом 42257 полис сатылган. Жыйынтыгында 2012-жылга салыштырмалуу 2013-жылы 1707,1 сомго көбүрөөк чогултулган.

-Түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө массалык маалымат каражаттарын колдоносуздарбы?

-Албетте.Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгы “Супер-Инфо”, “Кереге.kg” жарнак-маалымат гезиттеринин беттерине Социалдык фонд жөнүндө ”Соцфондго төлөө-келечек кепилдиги”-деген макалаларды бир нече жолу бастырып чыгарды. Бул макалаларда жарандардын жашоо турмушуна Социалдык фонддун тийгизген таасири, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө зарылдыгы тууралуу, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө малыматтар берилди.

-Свердлов райондук башкармалыгында канча пенсионерлер катталган?

-Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгында 2014- жылдын 1- январына карата 19510 пенсионер, анын ичинде: курагы боюнча-16 252 пенсионер, майыптыгы боюнча - 2094, баккан адамынан айрылгандыгы боюнча-991, УлууАта-Мекендик согуштун майыптары жана катышуучулары-111, «Аскер кызматчылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча ЧАЭС - 48, - ИСА - 14 пенсионер катталган.

-Пенсия төлөп берүүгө бир айда канча акча керектелет?

-Пенсия төлөп берүүгө бир айда 105,3 млн. сом керектелет. Каржылоо толугу менен өз убагында жүргүзүлүп келет. Банк аркылуу пенсия алгандар 2014-жылдын I-январына карата –2309 пенсионер болсо,ага керектелген сумма 12 млн.992 миң сомду түзөт.

-Алдыга койгон план максаттар тууралуу да ой бөлүшсөңүз...

-Алдыга койгон, аткара турган иш максаттарыбыз көп. Бүгүнкү күндө “Дордой” базарынын профсоюз мүчөлөрү менен келишим түзүп иш алып баруу оң натыйжасын берип жатат. Ушундай жаңыча көз караш, ыкмаларды колдонуу менен социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо планын жылдан –жылга өнүктүрүүгө жетишүү. Кыскасы, келечектеги пенсионерлерди татыктуу пенсия менен камсыз кылуу үчүн талыкпай эмгектенүү, изденүү керек.

Маегиңиз үчүн чоң рахмат.Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгынын эмгек жамааты алдына койгон зор максаттарын иш жүзүнө ашыра беришине тилектеш экендигибизди билдиребиз.

ЭМГЕГИ ЭЛГЕ СИҢГЕН АНАРКҮЛ ЭЖЕ!

Социалдык Фонддун системасында көп жылдан бери талыкпай, калкты социалдык жактан тейлөө чөйрөсүндө өз кызматын татыктуу көтөрүп, иштеп жаткан ардактуу адамдарыбыз арбын. Алардын бири Бишкек шаарындагы пенсионерлердин пенсиясынын туура төлөнүшүн көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы Абдрахманова Анаркул Абдрахмановна.

Анаркүл Абдырахманова өз эмгек жолун 1979-жылдын февраль айында пенсияларды жана жөлөк пулдарды кайра эсептөө боюнча республикалык борбордо участкалык инспектор кызматынан баштаган. Ошол күндөн ушул мезгилге чейин Анаркүл эже чалыкпай үзүрлүү эмгектенип Кыргыз Республикасынын өнүгүшүнө зор салымын кошуп келет.

А.Абдырахманованын жетекчилигинин астында Нарын, Талас, Ысык-Көл,Чүй областтарынын бөлүмдөрүндө пенсия төлөө иштери тартип бузуусуз,урдоосуз жолго коюлган.

1993-1994-жылдары облааттар децентралдаштырылган, бирок Анаркүл Абдырахманова жаңы түзүлгөн областтык борборлордун ишин уюштурууга катышууну улантуу менен жеринде жаш адисттерди окутуп практикалык жардам көрсөткөн.

1996-жылы пенсияны жеткирүүнү жана төлөөнү Социалдык фонд аркылуу уюштуруу боюнча Чүй, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Ысык-Көл областтарында эксперимент жүргүзүү бөлүмдөрүнүн ишине жана ушул сыяктуу көп иштерге активдүү катышып, өз салымын кошуп келет.

Пенсияларды кайра эсептөөлөрдү өз убагында жүргүзүүгө жоопкерчилик менен мамиле кылат. Анын жетекчилигинин алдында пенсияларды кайра эсептөө белгиленген мөөнөтө так жүргүзүлөт.

Иштеген стажы 35 жылдан ашуун мезгил ичинде Анаркүл Абдырахманова өзүн сабаттуу, жоопкерчиликтүү, өзүнө жана өзүнүн алдында иштеген кызматкерлерге талап коё алган мыкты кызматкер катары көрсөтүп келет.

Өз билиминин жана тажрыйбасын жаш адистерден аябаган насаатчы жана ишмер. Ал кызматкерлердин алдына ишиндеги ыраатуулукту коё билүү, пенсионерлер менен жакындан баарлашуу, күнүмдүк уюштуруучулук жогору сапатын көрсөтүү менен жамааатка үлгү жана чоң кадыр-баркка ээ.

Анаркүл эже азыркы күндө да изденүү менен эмгектенип жаткандыгына төмөнкү сөздөрү далил: “Жетишкен ийгиликтер бир меники эмес. Ага эмгек жамааттын кошкон салымы чексиз. Себеби ар бир адис өзүнө тийиштүү жумуштарын жогорку кесиптик деңгээлде аткара ала алгандыктан ийгиликтер жаралып жатат. Мисал катары айта кетсем, 2013-жылдын май айынан баштап мамлекеттик пенсиялык топтоо каражаттарын 2010-2011-жылдар үчүн төлөп бере баштадык. Бүгүнкү күндө 15498 адамга 93 млн. каражат жумшалды. Бул иш кошумча болгондуктан адистер өз убагында төлөм документтерин даярдап байланыш бөлүмүнө жана банк кредиттик уюмдардагы эсептерине чегерүү аркылуу

